**Жумабек Бахтияров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин ата-энелер чогулушунун протоколу**

**08-февраль** **Ж . Бахтияров орто мектеби**

**2023-жыл** **Кичи-Өрүктү айылы**

**Чогулушка катышкандар:**

**1**.Түп РЭСӨБ ҮБКБун башчысы Кувандыков Р.М.,ЖӨИИнин кызматкерлери Калкаманов М.,Конокбаев А.,РайБББнун адиси Касиева Ч.К.,мектеп директору Сагибаев А.Т.,окуу бөлүм башчысы Илешбекова С.И.,уюштуруучу Сыдыкбекова С.К.,соц.педагог Ирисова Н.К.,класс жетекчилер,ата-энелер-саны 60

**Кун тартибинде каралган маселелер:**

1.Жаш өспүрүмдөр тарабынан жасалган кылмыштар жана телефон догу сайттарынын таасиринен келип чыккан окуучулардын арасында суицид көрүнүштөрү

2.Зордук-зомбулукту алдын алуу иштеринин жүргүзүлүшү

Биринчи маселе боюнча Кувандыков Р.М.сүйлөдү:

Урматтуу ата-энелер баланы тарбиялоодо,окуутуда,жана багууда сиздердин жоопкерчилигинер өтө чоң .Балдардын убактысын туура бөлүштүрүп,озуңордун көңүлүңөрдү көбүрөөк буруп окуучулардын окуу процессине үзгүлтүксүз катышуусун камсыздап беришинер зарыл .Ар бир ата-эне өзүнүн жоопкерчилигин жогорулатыш керек .Ошондуктан мектепте ар кандай көйгөйлөрдү чечүү максатында силерге келип жатабыз.Бүгүнкү маселе окуучулардын арасында зордук –зомбулукту азайтуу ,алдын алуу .Силердин мектепке келип жатканыбыздын себеби Тогуз Булак айылында болгон

окуя боюнча маалымат берип жана алдын алуу иштерин жүргүзөлү.Бул кайгылуу окуя балдарыбыздын телефондогу ар кандай сайттарга,оюндарга кирип,ошол жактагы буйрутмалардын баарын аткарып аягында өз жанын кыую буйрутмасын аткарган.

Силерге келип жатканыбыз ата-энелер менен балдардын ортосундагы байланышты жоготуп олтурабыз.Телефондору көзөмөлдөнбөй калып жатат.Ата-энелер көзөмөлдөөнүн жолдорун жакшы билесинер,бирок такыр көнүл бурбай жатасынар.Ушундай сайттарга бөгөт коую сунушу менен өкмөткө кайрылып жатабыз.Бирок башка оюндар чыгып кетип жатат.Ошондуктан көзөмөлдү күчөттүү керек.Ведомстволук кызматташуунун негизинде түшүндүрүү иштерин күчөтүп жүргүзүп жатабыз.Балдар менен тыгыз байланышта болуу керек.Сабактарга катышып дагы ал мамилени түзө алабыз.Баланын мүнөзүнө жараша мамилекылуу зарыл,тил табышып түшүндүрүү керек.Ар бирибиз жоопкерчилик менен мамиле кылып жана бирдиктүү иш аракеттер менен балдарыбыздын коопсуздугун сактай алабыз.

Экинчи маселе боюнча Калкаманов М. төмөнкүлөргө токтолду:

Зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында силерге келип отурабыз.Зомбулуктун түрлөрү менен эжей-агайлар тааныштырган.Ошондой зомбулуктарды болтурбоо керек ,ал үчүн үйдөгү ата-эненер мугалимдердин айтканын аткарыш керек.Бул маселелердин баары терс көрүнүштөргө алып келет : өз өмүрүн кыую,жоопко тартылуу. Өспүрүмдөр дагы жоопко тартылат.Ал боюнча баш мыйзамда атайын статьялар каралган.Ошондуктан окуучулар жоопко тартылаарын дайыма эсинерге алышынар керек.Дагы бир маселе уюлдук телефондордогу ар кандай оюндарга кирип өз өмүрүн кыйган учурларда болуп кетет. Уюлдук телефонду

сабакка керектүү материалдарды алганды, колдонгонду балдарынарга үйрөткүлө.Ушул оюндардын аттарын айтпай туруп,маалымат бербей туруп көзөмөлгө алгыла.2022-ж.балдар тарабынан 8кылмыш катталса,2023-ж.январь айында 18 кылмыш фактысы катталды:мектеп окуучулары мал урдоо,топтошуп мушташуу фактылары менен кармалып жатат.

Ата-энелердин көзөмөлгө албай жаткандыгынан чыгып жатат.ар бир баланы орган кызматкерлери жага мугалимдер дайыма көзөмөлгө ала албайт.Азыр жаш өспүрүмдөргө эле эмес ата-энелерге дагы иш козголуп,айып пулдар каралат.Ошондуктан жоопкерчиликтуу мамиле кылуу зарыл.Ар бир балага индивидуалдуу,жекече мамилеменен тарбиялагыла.Кечки саат 9.00дон кийин балдар уйдо болуш керек.Рейддер учурунда кармалган балдар жана алардын ата-энелери жоопко тартылат.кечки убакытта балдар өз алдынча жүргөнгө болбойт,жанында мыйзамдуу өкүлү болуш керек,ал өкүлдун жашы баладан15 жаш улуу болуш керек. Ошондо гана жооптуу боло алат.

Ушулле маселе боюнча Касиева Ч.К. окуучулардын арасында рекетчилик,үй-бүлөдөгү зомбулук көйгөйлөрү жаралса мугалимдерге ,мектеп администрациясына ,соц.педагогко, мектептеги купуя кутучага жана ишеним телефондоруна кайрылсанар болот деп түшүндүрдү. Эрте турмушка чыккан кыздар болбош керек, ата-энеси жана нике кыйган имам жоопко тартылат.

Уй-булолук зомбулук боюнча ата-энелик милдетин аткарбоо деген берененин негизинде жоопко тартылат. Ата-эне укугунан ажыратылат ошондуктан , мыйзам чегинде ата-энелердин жоопкерчилиги кучотулуп жатат.

Ата-энелер тарабынан томонку сунуштар киргизилди:

Бир жумада бир жолу айылдагы имамдар жана дин сабаттуулугу бар ата-энелерден окуучуларга туура таалим тарбия беруу

максатында жолугушу откоруп туруусу сунушталды. Ошондой эле ал жолугушуларга ИДН кызматкерлери да катышып жана рейддерди кобуроок откоруп туруусу сунушталды. Балдарга психологдун жардамы крек учурда Туп районундагы психологдун телефону сунушталды.

**Чечим:**

1.Окуучулардын арасында зордук –зомбулуктун алдын алуу иштери жана түшүндүрүү иштери үзгүлтүксүз жүргүзүлсүн.

2. Окуучулардын телефон колдонуусу ата-энелер тарабынан каттуу козомолго алынсын .

3. Окуучулардын тартибин жакшыртуу максатында мектепте имамдар менен жолугушу уюштуруу иштери мектеп админстрациясына жуктолсун.

Мектеп директору: Сагибаев А.Т.